Педагогикалык кеңешме
Токтом №1
25.08.2022-жыл

Бекитемин
Мектеп директору
И.К.Парпиев

**№35 Ш.Суеркулов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектеби**
**Мектеп ичиндеги предметтик олимпиадасы жөнүндө Жобо**

**1.Жалпы жоболор**

1.1.Ушул Жобо предметтер боюнча мектеп окуучуларынын Республикалык олимпиадасынын Жобосунун (мындан ары – Олимпиада) негизинде иштетилип чыкты.

1.2.Мектеп ичиндеги предметтик олимпиаданын максаттарын жана милдеттерин,өткөрүү тартибин,предметтердин тизмесин,олимпиаданын катышуучуларын,алардын укуктарын жана милдеттерин аныктайт,олимпиаданыны бекитүү тартибин жана жеңүүчүлөрүн жана байге ээлерин аныктоону белгилейт.

1.3.Олимпиаданын максаттары:

- билими терең, шыктуу окуучуларды, чыгармачыл окуучуларды аныктоо жана табуу;
- олимпиадага мыкты даярдаган чыгармачыл мугалимдерди аныктоо, табуу жана дем берүү;

1.4.Окуу предметтерин окуган 3-класстан 11-класска чейинки катышууну каалаган окуучунун бардыгы катыша алат, катышуучулардын саны жана курамы аныкталбайт.Уюштуруу комитетинин жана жюринин функциясын предметтик-мугалимдер аткарат.

1.5.Мектеп ичиндеги олимпиада- бул мугалимдер жамаатынын шыктуу балдарга сабак берүү учурундагы эле иши эмес, ошондой эле сабактан тышкаркы убакта (ийрим, секция ж.б.), билим берүү программасынын алкагында окуучулардын чыгармачылыгын өнүктүрүү, окуучулардын өз алдынча илимий- популярдуу адабияттар, маалыматтар, интернет булактары менен иштөөсү.

1.6.Мектеп олимпиадасы мектеп программасы менен окутулган бардык предметтер боюнча өтүлөт.

1.7. 2.Олимпиаданын милдеттери:

- окуучулардын билимин жана чыгармачылыгын өнүктүрүүгө кызыгууларын пропагандалоо.Зээндүү  окуучулардын шыктарын, кызыгууларын табууга шарттарды түзүү;

- окуучуларды илимий- практикалык ишмердүүлүккө кызыктыруу;

- район- шаардык предметтик олимпиадага катышууга шыктуу окуучуларды табуу.

3. Олимпиаданы уюштуруу жана өткөрүү тартиби

3.1. Мектеп ичиндеги олимпиаданы өткөрүүгө уюштуруу комитети түзүлөт.Уюштуруу комитетинин курамы жана жюринин мүчөлөрү мектептин буйругу менен бекитилет.

3.2.Олимпиаданын өткөрүлүшүнүн жоопкерчилиги окуу бөлүм башчысына жүктөлөт.

3.3.Олимпиаданын тапшырмаларын предметтик-мугалимдер иштетип чыгат жана усулдук бирикмелерде талкууланып, бекитилет. Тапшырмалардын татаалдыгына карата баалоонун критерийлери жана ар бир тапшырманын аткарылышы боюнча баллдарды коюу иштетилип чыгат.

3.4. Олимпиаданын тапшырмалары мектептин директорунда же окуу бөлүм башчысында атайын пакеттерде сакталат.

3.5.Олимпиада окуу күндөрү мектептин директорунун макулдугу менен өткөрүлөт.

3.6.Олимпиада параллель класстарда бир же эки күн өткөрүлөт.

3.7.Олимпиадада усулдук бирикменин  предметтик- мугалимдеринин өкүлдөрү катышса болот.

3.8. Олимпиада болгонго 10 күн калганда окуучулар шарттары, эрежелери, мөөнөтү менен тааныштырылат.

3.9.Олимпиаданын тапшырмалары предметтик-мугалимдер, уюштурууга жооптуу адамдын катышуусу менен текшерилет. Ар бир тапшырма өзүнчө бааланат.

3.10.Олимпиаданын катышуучуларына жыйынтыгы 2 күндөн кем эмес угузулат.

3.11.Аткарылган иштин жыйынтыгы менен жогорку баллдын негизинде жеңүүчү жана байгелүү орундардын ээлери белгиленет.

3.12.Олимпиаданын жыйынтыгы чыккандан кийин кофликтик абал жана апелляцияны уюштуруу комитети 1 күндүн ичинде карайт.

3.13.Предметтик олимпиаданын жыйынтыгы мектептин маалымат бурчуна илинет.

3.14.Жеңүүчүлөр мектептин граммотасы же белектер менен сыйланат,2- этаптагы районшаардык алкактагы предметтик олимпиадага жолдомо алат.

4.Олимпиаданын катышуучуларынын укуктары

4.1.Олимпиаданы уюштуруучулар жана предметтик- мугалимдер мектеп жетекчиси тарабынан сыйланат.

4.2. Ден соолугуна байланыштуу мектеп ичиндеги олимпиадага катыша албай калган окуучулар, атайын жекече тапшырма менен катышса болот.

4. 3.Мектептин ар бир окуучусу өзүнүн иши менен жыйынтык чыккандан кийин таанышса болот жана ийрим иштеринде предметтик- мугалимдер олимпиаданын тапшырмаларынын жообун түшүндүрүп берет.

5. Олимпиаданын катышуучуларынын жоопкерчилиги

5.1.Олимпиаданын тапшырмаларынын текстинин конфиденциалдуулугуна, тапшырмалардын өз убагында даярдалбай, өткөрүү убактысынын бузулушуна уюштуруу комитети жана предметтик- мугалимдер жоопкерчилик тартат.

5.2. Олимпиаданын катышуучулары практикалык иш жүрүп жаткан учурда уюштуруу комитетинин жана калыстар тобунун бардык талаптарын кынтыксыз аткарат.

5. 3.Мектептин буйругу менен 1-этаптагы олимпиаданын жыйынтыгы бекитилетжана 2этаптагы район-шаардык предметтик олимпиадага катышуучулардын мектеп командасы предметтер боюнча аныкталат.

6. Иш агаздары

6.1.Мектеп ичиндеги олимпиадынын өткөрүлүшү боюнча жыйынтык чыгарылат, отчет түзүлөт,байге алуучулардын тизмесин район-шаардык билим берүү бөлүмүнө берүү милдети окуу бөлүм башчысына жүктөлөт.

6.2. Олимпиаданы уюштуруу жана өткөрүү боюнча документацияны жүргүзүү милдети усулдук бирикмелердин жетекчилерине жана окуу бөлүм башчысына жүктөлөт.

№35 Ш. Суеркулов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин 2022-2023- окуу жылына карата олимпиадага даярдоо иш планы

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну | мөөнөтү | ресурстар | Күтүлүүчү натыйжа |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Олимпиадалык топ түзүү | сентябрь | Олимпиадага даярдоо иш пландары | Иш пландар бекитилет |
| 2. | Интелектуалдык марафон өткөрүү | октябрь | У.Б.Б лар менен | Окуучулардын жөндөмдүүлүгү аныкталат |
| 3. | Олимпиадалык топтун мүчөлөлөрү менен үзгүлтүксүз иш алып баруу | дайыма | Текшерүү иштер,тестик тапшырмалар,марофондор ж.б | Окуучулардын жазма иштери текшерилет |
| 4. | Зоналык,райондук олимпиадаларга окуучуларды катыштыруу | убагында | Тестер ж,жазма иштери | Окуучулардын билими текшерилет |
| 5. | Олимпиадалык топ менен түрдүү тапшырмаларды иштөө | үзгүлтүксүз | Тапшырмалар,логикалык суроолор ж,б | Окуучулардын предметке болгон кызыгуусу артат |
| 6. | Олимпиадалык топтун дубал газетасын чыгаруу | Квартал сайын | Дубал газеталар | Топтун иши аныкталат |
| 7. | Санарип менен иштөө,интернет булактарынан маалыматтарды алуу | үзгүлтүксүз | маалыматтар | Интернет менен иштөө үйрөтүлүт онлайн тестерге |
| 8. | "Тесттик банк" уюштуруу жана топтоо | Жыл бою | Китептер ,тестик тапшырмалар | Изденишет, китепке болгон кызыгуусу артат |
| 9. | Окуучуларды тест менен жана оозеки иштөөгө машыктыруу | дайыма | тапшырмалар | Так эсептөөгө,так эсеп чыгарууга үйрөнүшөт |
| 10. | Областык,республикалык жана кызыктыруучу олимпиадалык материалдар менен иштөө | Ар дайым | олимпиадалык материалдар менен иштөө | Окуучулардын ойлоосу өсөт |
| 11. | Олимпиадалык топтун ишине анализ | Жыл аягында | Анализдер ,протоколдор | Топтун иши жыйынтыкталат |
| 12. | Кийинки окуу жылына маалымат, милдеттемелерди аныктоо | Жыл аягында | Маалымат,милдеттер | Кийинки окуу жылына милдеттер аныкталат |

О.Б.Б В.Кушбакова.